М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин, Ош мамлекеттик университетинин жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин алдындагы биология илимдеринин (доктору) кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 06.23.663 диссертациялык кеңештин эксперти биология илимдеринин доктору, доцент Сакбаева Зулфия Исраиловнанын 06.03.02-токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин "Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токой - экологиялык абалы" деген темадагы диссертациясына

# КОРУТУНДУ

Эксперт изденүүчү Мурзакулов Советбек Сыдыкович тарабынан берилген "Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токой - экологиялык абалы" деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Аткарылган жумушта 06.03.02-токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистигинин паспортуна толук жооп берүүчү Түркстан-Алай токой өсүмдүк районунун арча токойлорунун жана интродукцияланган дарак породаларынын өнүмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган изилдөө жүргүзүлгөн. Диссертациялык жумуштун негизги өзөгү 06.03.02-токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистигинин паспортунун 1, 2, 4- пункттарына толук жооп берет;

**2. Иштин максаты катары:** Диссертациялык изилдөөнүн максаты Түркстан - Алай токой өсүмдүктөр районунун шартында арча токойлорунун түптөлгөн өсүмдүктөрүнүн жана интродукцияланган дарак породаларынын өнүмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган токой-экологиялык иш-чараларды иштеп чыгуу болуп саналат.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Түркестан-Алай районунун арча токойлорунун токой-экологиялык жактан баалоо, табигый жаңылануусун абалын, токойлордун калыбына келишин изилдөө жана жайыттын көчөттөргө жана өспүрүм арчаларга тийгизген таасири;
2. Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлорун жасалма жандандыруу;

3. Түркестан-Алай токой өстүрүүчү районунун арча токой алкагындагы интродукция шарттарында дарак породаларынын өсүү жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

Коюлган милдеттерге жетүүнүн этаптары такталган, объектиси жана каражаттары келтирилген. Изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негизин дүйнөлүк, батыштык, орусиялык жана Ата Мекендик окумуштуулардын арча токойлорун сактоо проблемалары жана эл аралык экологиялык жана токой уюмдардын иштеп чыккан эмгектери камтылган. Аталган багыттагы методдор менен иликтөөнү жүргүзүшкөн иликтөөчүлөрдүн колдонгон ар тармактуу жолдору белгилүү, ошого ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгү бар.

Диссертациянын изилдөө объектиси диссертациянын максаттарына жана милдеттерине ылайык келет. Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн эксперимент, анализ, синтез, талаа натыйжаларын иштетүү үчүн колдонулуучу заманбап математикалык жана статистикалык методдорго негизделген жалпы илимий методологиялары колдонулган. Изилдөө методдору диссертациянын милдеттерине ылайык келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Арча токойлорунун жана сейрек токойлордун антропогендик жүктөмүнө каршы экологиялык жактан коргоо функцияларын жогорулатуу үчүн, арча токой жана интродуценттерден өсүмдүктөрүн аларды реконструкциялоо боюнча түзүү иш-чаралардын комплекси зарыл. Арча токойлорун калыбына келтирүү ыкмалары жана аларды туруктуу пайдаланууну уюштуруу боюнча илимий жактан негизделген оптималдуу токой - экологиялык шарттарды иштеп чыгуу керек. Бул илимий проблеманы чечүү Түркстан-Алай кырка тоосундагы арча токойлорунун жана сейрек токой тилкелеринде, ошондой эле токой чарбасындагы маселелерди чечүү изилдөөнүн актуалдуулугун билдирет.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттагы маалыматтарды сындап талдоо жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:** Диссертациялык ишти жазууда тиешелүү илимий-теориялык адабияттарды толук жана максаттуу пайдалануу өтө маанилүү. Ошондуктан, диссертант изилдөө темасы боюнча илимий ойдун өнүгүшүнүн негизги этаптарына сереп салууга талдоо берип, анда Ата-Мекендик жана чет элдик окумуштуулардын эмгектерин жана негизги изилдөөлөрүн мүмкүн болушунча толук пайдаланып, анда кандай ой-пикир, көз-караштар айтылып, кандай жыйынтыктар чыгарылгандыгына өзгөчө көңүл буруу менен калыс, сынчыл көз караштa мимиле жасаган. Жыйынтыгында колдонуп алынган факт-материалдардын негизинде өз ой корутундуусун чыгарууга аракет кылган жана милдеттеринде көрсөтүлгөн проблемалардын чечүү даражасын чагылдырып адабияттык маалыматтар тоолук жүргүзгүлгөн. Адабияттык анализде алдыдагы проблемаларды чечүүгө аракеттенген мурдагы чет өлкөлүк же биздин өлкөдөгү илимий иштери толук талданган.

**3. Илимий натыйжалар.** Изилдөөлөрдүн илимий жаңылыгы - Кыргыз-Ата улуттук жаратылыш паркынын токойлорунда табигый биологиялык түрлөрдү сактоо жана калыбына келтирүү боюнча илимий негиздер иштелип чыккан, өсүмдүктөрдүн ар түрдүүлүгүн түзүүчү токой экосистемаларынын компоненттерин түзүү принциби негизделген.

3.1. Иштин жыйынтыгында КУЖП токойлорунун биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоонун жана калыбына келтирүүнүн рекреациялык, коргоочу жана экологиялык аспектилери боюнча натыйжалар алынган, теориялык-практикалык сунуштары максатка ылайыктуулугу далилденген илимий жаңычылдыгы бар.

3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө (материалды жыйноо ыкмалары жана илимий жыйынтыктарды аргументтөө ыкмалары жасалган:

3.3. Иштин прикладдык мааниси бар, ал колдонуудагы илимий теорияны же концепцияны толуктайт:

3.4. Квалификациялык белгилерге туура келет.

**4. Алынган натыйжалардын илимий практикалык маанилилүүгү.**

Арча токойлорун калыбына келтирүү жана аларды туруктуу пайдаланууну уюштуруу ыкмалары боюнча жаңы жыйынтыктар алынды. Питомниктерде жана токой өсүмдүктөрүндө арча түрлөрүнүн өсүшүн жана анын абалы анализденген. Чет өлкөдөн чыккан баалуу дарак өсүмдүктөрүн интродукциялоо жана климатташтыруу жана андан токой өсүмдүктөрүн түзүү методологиясы жана ыкмалары иштелип чыккан. Питомниктерде жана токой өсүмдүктөрүндө арчанын түрлөрүнүн өсүшү жана өнүгүшү талданып. Чет райондордогу баалуу дарак өсүмдүктөрүн киргизүү жана климатташтыруу ошондой эле арча токойлорунун тилкесинде токой өсүмдүктөрүн түзүү боюнча методология иштелип чыкты. Бул иш Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлору боюнча биринчи комплекстүү изилдөө болуп саналат.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:** Эмгекте айрым мүчүлүштүктөр кездешет.

1. Диссертациялык иш грамматикалык текшерүүгө муктаж.
2. Кээ бир бөлүмдө айтылган маалыматтар башка бөлүмдө да кайталанганы кездешет. Бир жазылган маалымат экинчи ирет кайталанбашы керек деп ойлойм.
3. Аткарылган жумуштун текстин бир сыйра карап чыгуу керек. Жумуш грамматикалык кароого муктаж.
4. Диаграммалар бирдей түстө чыгарылгандыктан кайсы сызык эмнени түшүндүрөөрү же айырмасы билинбей калган. Ошондуктан ар бир сызыктын мааниси өз деңгээлинде болушу үчүн түстүү чыгарылышы керек.

5. Авторефератта кыргызчасында жана орусчасында келтирилген таблицалардагы, диаграммадагы туура эмес катачылыктарды жана грамматикалык мүчүлүштүктөрүн диссертацияда дагы оңдоо зарыл.
6. Диссертациянын текстеринде жана авторефераттын кыргызча орусчасында терминдер бардык жерде бирдей болушу керек.
7. Авторефератта терминдер чоң же кичине болуп жазылыш керек, же бардык жерде кичинекей же бардык жерде чоң тамгалар берилиш керек.

**7. Сунуштар:** Диссертациялык жумуш 06.03.02 - токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистигине жооп берет. Жумуштун грамматикалык мүчүлүштүктөрүн жоюу үчүн текшертүү керек. Техникалык кемчиликтерди, таблицалардагы, схемалардагы туура эмес аталыштарды оңдоо зарыл. Жумуштун эксперименталдык бөлүгүндөгү методикалык баяндамаларды тиешелүү графага алуу керек.

**8. Сунуштамалар: Жетектөөчу уюмду, расмий оппоненттерди даярдоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм катары 06.03.02 - токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча илимий кадрлары бар **К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетин** сунуштоого болот.

**Биринчи оппонент катары** Россия Илимдер академиясынын федералдык изилдөө борборунун, Уфа биология институтунун, Токой таануу лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, биология илимдеринин доктору Уразгильдин Руслан Вилисовичти (автореферат боюнча шифры - 06.03.02) сунуштайм.

**Экинчи расмий оппонент катары** изилдөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын П. А. Ган атындагы токойлорду изилдөө илимий-өндүрүштүк борборуун Токой өсүмдүктөрү жана селекция лабораториясынын башчысы, биология илимдеринин кандидаты, Жумадылов Акылбек Турсунканович (автореферат боюнча шифры – 06.03.02) сунуш кылам.

**9. Корутунду:**

Авторефераттардын орусча, кыргызча варианты так, сапаттуу жазылган жана иштиктүү маалымат берип, талапка жооп берет. Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин “Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токой - экологиялык абалы” деген темада жазылган кандидаттык диссертациясы баардык жагынан алып караганда Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык коммисиясынын «Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби» жөнүндөгүү жобосуна ылайык аткарылган.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып**, М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин, Ош мамлекеттик университетинин жана Б. Сыдыков

атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин алдындагы биология илимдеринин (доктору) кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 06.23.663 диссертациялык кеңешине 06.03.02-токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин “Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токой - экологиялык абалы деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

Д.066.23.663 диссертациялык кеңешинин
эксперти, биология илимдеринин доктору,
доцент

Сакбаева З.И.

Дата 17.05.2024-ж.

Эксперт З.И. Сакбаеванын кол тамгасын тастыктайм:

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
биология илимдеринин кандидаты, доцент

Тешебаева З.А.